ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 930.001;93/94(575.2) DOI: 10.35803/1694-5298.2020.4.554-553

**КАРЫЕВА А.К., КАДЫРАЛИЕВА Н.Ш.**
[1]КГУСТА имени Н.Исанова, Бишкек, Кыргызская Республика
[2]КНУ им. Ж. Баласагына, Бишкек, Кыргызская Республика

**KARYEVA A.K., KADYRALIEVA N. SH.**
[1]*KSUCTA n. a. N. Isanov Bishkek, Kyrgyz Republic*
[2]KNU n.a. J.Balasagyn, *Bishkek, Kyrgyz Republic*
e-mail: anara-karyeva@mail.ru kadyralievansh@gmail.com

# КЫРГЫЗСТАНДА ТАРЫХ ИЛИМИНИН КАЛЫПТАНЫШЫ

# СТАНОВЛЕНИЕ ИСТОРИЧЕСКОЙ НАУКИ В КЫРГЫЗСТАНЕ

# FORMATION OF HISTORICAL SCIENCE IN KYRGYZSTAN

*Макалада Кыргызстандагы тарыхчы адис окумуштууларды даярдоодогу агартуу системасынын жүргүзгөн иштери менен тарых илиминин негизделишине салым кошкон окумуштуу тарыхчылардын ишмердүүлүктөрү каралган. Тарых илимиинин калыптанып, өнүгүү процесси дүйнөлүк илимдердин тутамында мезгилдин чакырыктарынан негизинде ишке ашкан. Дүйнөлүк тарых илиминдегидей эле Кыргызстандын тарых илиминин калыптанып, өнүгүшү бир нече этаптардан турат жана ККАОнун Эл Агартуу комиссариатынын 1925-45-жылдардагы илимий адисттерди даярдоодогу жүргүзгөн иштери менен үзгүлтүксүз байланышта болгон. Белгиленген аралыкта илимдин Ата Мекен, археология, этнология, тарыхнаама багыттары калыптанган. Макалада кыргыз тарых илиминин калыптанышына илимий-педагогикалык ишмердүүлүктөрү тыгыз байланышта болгон белгилүү тарыхчылар В.В. Бартольд, А.Н. Бернштам, М.П. Вяткин, С.М. Абрамзон, жергиликтүү окумуштуу тарыхчылар Б. Жамгерчинов, А.Х. Хасанов, С. Ильясовдын кыргыз тарых илиминин негизделишиндеги ролуна анализ кылынды.*

***Өзөк сөздөр:*** *Кыргызстан, тарых, тарых илими, тарыхчы, советтик, улуттук, тарыхнаама.*

*В статье рассматривается работа системы образования по подготовке историков в Кыргызстане и деятельность историков, внесших вклад в становление исторической науки. Процесс становления и развития исторической науки происходил на основе вызовов времени в системе мировых наук. Как и во всемирной истории, становление и развитие исторической науки в Кыргызстане состоит из нескольких этапов и было неразрывно связано с работой Народного комиссариата просвещения ККАО по подготовке научных кадров в 1925-45 гг. Специальности отечественная история, археология, этнография, историография исторической науки сформировались именно в этот период. В статье сделан анализ в роли научно-педагогической деятельности видных историков В.В. Бартольда, А.Н. Бернштама, С.М. Абрамзона, М.П. Вяткина и местных ученых историков Б. Джамгерчинова, А. Хасанова, С. Ильясова в становлении исторической науки в Кыргызстане.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызстан, история, историческая наука, историк, советская, национальная, историография.*

*The article examines the work of the education system for the training of historians in Kyrgyzstan and the activities of historians who have contributed to the formation of historical science. The process of the formation and development of historical science took place on the basis of the challenges of the time in the system of world sciences. As in world history, the*

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

*formation and development of historical science in Kyrgyzstan consists of several stages and was inextricably linked with the work of the People's Commissariat of Education of the KKAO on the training of scientific personnel in 1925-45. The specialties of Russian history, archeology, ethnography, historiography of historical science were formed precisely during this period. The article analyzes the role of scientific and pedagogical activities of prominent historians V.V. Bartold, A.N. Bernshtam, S.M. Abramzon, M.P. Vyatkin and local scholarly historians B. Dzhamgerchinov, A. Khasanov, S. Ilyasov in the formation of historical science in Kyrgyzstan.*

***Key words:*** *Kyrgyzstan, history, historical science, historian, Soviet, national, historiography.*

**Киришүү.** Адамзаттын тарыхый жолунда доорлордун тоголуушусу менен мезгилдин чакырыктарынан улам бүгүнкү дүйнөлүк илимдердин тутамындагы илимдин тармактары калыптанып, өнүгүү жолдорун басып өттү. Тарых илиминин өзгөчөлүгү адамзаттын тарыхындагы басып өткөн жолу, көп тармактуу жашоо-турмушунун калыптануусунан баштап өнүгүшүнө чейинки же элдердин, мамлекеттердин, аймактардын тарыхында кездешкен өнүгүү жана кыйроо мезгилдерин ошол доордун, мезгилдин тарыхый булактарынын негизинде тарыхый изилдөөлөрдүн методологиялык принциптерин сактоо менен изилденишинде. Кыргызстандын тарых илими дагы башка илимдер сыяктуу эле өзүнүн калыптануу, өнүгүү мезгилдери бир нече этаптарды басып өткөн. Илимдин тарыхынын өнүгүшүнө бир беткей сын айтуу менен чектелбей, андагы баалуулуктарды таанып, улантуучулукту сактап калуу учур талабы.

**Ыкма жана материалдар**. Макаланы жазууда тарыхый объективдүүлүк ыкмасынын принциби жетекчилике алынды. Изилдөөнүн бул принциби мезгилдин коомдук-саясий өнүгүүсүнүн абалын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн эске алуу менен шартталып, изилдөөнүн объектисине таандык тарыхый фактылардын жыйындысын субъекттин жеке каалоосуна же таңуулоосуна карабастан, доордун өнүгүүсүн эске алуу менен интерпретациялоону, ошол мезгилге таандык маданиятты, салтты, баалуулуктарды эске алууну талап кылат.

Тарыхый объективдүүлүк принцибине таянуу менен Кыргызстандагы тарых илиминин калыптануусун изилдөөгө алууда историзм, тарыхый объективдүүлүк жана диалектикалык биримдик принциптери эске алынды. О.э. жалпы эле тарых илиминде кеңири колдонулуучу тарыхый-генетикалык, тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-типологиялык, тарыхый-системалык, анализ жана синтез методдору пайдаланылды.

Макаланы жазуунун максатына ылайык милдеттерин ачып берүүдө КР Борбордук мамлекеттик архивиндеги 105, 863, 1725, КР коомдук-саясий документтер архивиндеги 56, 474 фондусундагы материалдарга анализ кылуу менен советтик, кыргыз тарых илиминин калыптанышына арналган окумуштуулардын эмгектериндеги маалыматтарга токтолдук.

**Изилдөөнүн натыйжалары**. Тарыхый иликтөөлөр аркылуу адамзаттын өнүгүү этаптарынын багыттары, цивилизациялык жетишкендиктери, жалпы адамзаттын өнүгүүсүндөгү тигил же бул этностун же инсандардын салымдары, адамзат тарыхындагы бурулуш учурга жетелеген окуялар, кайгылуу, алааматтуу жана жеңиштүү, ийгиликтүү учурлар, өткөндүн оң жана терс сабактары таразаланат. Кыргызстанада тарых илиминин төрт – Ата Мекен тарыхы, археология, этнология жана тарыхнаама тармагы калыптанган.

Тарых илиминин калыптанышын жогорку квалификациядагы профессионал окумуштуу тарыхчылардын ишмердигисиз элестетүү мүмкүн эмес. СССРде жогорку квалификациялык адистерди даярдоо үчүн 1921-жылы «Жогорку окуу жайлар жөнүндөгү Жобо» кабыл алынган. Ал эми 1925-жылы «Жогорку окуу жайларда жана илимий-изилдөө мекемелеринде илимий кызматкерлерди  даярдоо жөнүндө Жобо» бекитилгенден баштап Эл агартуу комиссариаты илимий адисттерди аспиратурага кабыл алуу аркылуу жүргүзүлгөн. 1939-жылы СССРдин Эл комиссарлар кеңеши биринчи жолу «Аспирантура жөнүндөгү Жобону» бекиткен. Советтер Союзунда илимий адисттерди даярдоо ишинде кабыл алынган бул документтердин ролу чоң болгон. Өз кезегинде бул тарыхый чечимдер Кыргызстанда тарых илиминин калыптанышына жол ачкан.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Кыргызстанда жергиликтүү калктын өкүлдөрүнөн илимий-педагогикалык тарыхчы адисттерди даярдоо 1938-жылы Кыргызстанда мамлекеттик педагогикалык институнун (КМПИ) ачылышы менен байланышта. Кыргызстандагы алгачкы жогорку окуу жайда тарыхчы илимий-изилдөөчү адистерди даярдоо аталган окуу жайдын тарых факултетинде Байыркы дүнөнүн тарыхы, орто кылымдардын тарыхы, жаңы доордун тарыхы жана СССР элдеринин тарыхы кафедраларында жүргүзүлгөн. КМПИнин аспиранттарына мамлекет стипендия төлөнгөн[1]. Аспиранттардын ишин ректорат, аспирантура бөлүмү, деканат, кафедра, илимий жетекчи жана советтик, партиялык уюмдар көзөмөлгө алышкан.

КМУнун тарых факультетинде илимий адистерди даярдоодо СССР ИАнын окумуштуу академиктери А.М. Панкратова, М.В. Нечкина, М.П. Ким, профессорлору П.М.Вяткин, И.К.Додонов[2] ж.б. салым кошушкан. «Ата Мекендин тарыхы» жана «Жаңы тарых» адистиктери боюнча аспираттардын жетекчилери Орто Азиядагы мамлекеттик университеттин СССР элдеринин тарыхы кафедрасынын башчысы, тарых илимдеринин кандидаты, доцент И.К. Додонов, тарых илимдеринин кандидаты, Эл агартуу комиссарынын орун басары, профессор Г.Г. Куранов, КМПИнин директору Г.П. Гавырин, профессордун м.а. А.Н. Бернштам болушкан[3].

Кыргыздын тунгуч академик тарыхчысы, тарых илимдеринин биринчи доктору (Кыргызстанда И.К.Ахунбаевдан кийинки экинчи илимдин доктору) Бегималы Джамгерчинов Г.Г.Куранов жана И.К.Додоновдун илимий жетекчилигинде 1943-жылы «Нарын көтөрүлүшү» деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. Ал эми белгилүү тарыхчы, Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын корреспондент-мүчөсү Анварбек Хасанов 1942-жылы Г.П. Гавыриндин илимий жетекчилигинде «Падышачылык Россиянын түндүк Кыргызстанды басып алышы» ("Завоевание русским царизмом Северной Киргизии") деген темада кандидаттык диссертациясын жактаган. Белгилүү тарыхчы, академик Сатар Ильясов 1945-жылы «Кыргызстан коллективдештирүү жылдарында (1924-1934-жж.)» («Коллективизация сельского хозяйства в Киргизии (1924-1934 гг.)») деген темада диссертациялык ишин Г.Г. Курановдун илимий жетекчилиги астында коргогон[4].

Кыргызстандагы тарых илиминин калыптанышына, жергиликтүү тарыхчы окумуштуу адисттердин даярдалышына салым кошкондордун катарында белгилүү советтик тарыхчы, Өзбекстан ССР ИАнын академиги И. К. Додонов менен тарых илиминин кандидаты, доцент Г.Г. Куранов болгон.

КМПИнин аспирантурасына 1938-жылы Кыргызстандагы тарых илиминин калыптанып өнүгүшүнө эмгек сиңиришкен белгилүү окумуштуулар Б. Жамгерчинов, А. Хасанов, А. Жунушев, 1938-жылы С. Ильязов, 1940-жылы Б.Элебаев ж.б. тапшырышкан.

Тарыхчы-илимпоздорду даярдоодо 1943-жылдын августунда ачылган СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалы чоң роль ойногон. Филиалдын кызматкерлеринин 17% кыргыздар түзгөн жана алардын катарында жалгыз Б. Жамгерчиновдун илимдин кандидаты окумуштуулук наамы болгон[5]. 1944-жылы СССР ИАнын Кыргыз филиалында аспирантура түзүлгөн. Жаңы түзүлгөн аспирантура бөлүмүн башчылыгына филология илимдеринин доктору, профессор К.К. Юдахин дайындалган. Аталган бөлүмдө тарых, этнография, археология адистиктери боюнча илимдин адистери даярдалган.

1938-1950-жылдар аралыгында КМПИда 20 аспирант окуп, анын 8и диссертациялык иштерин ийгиликтүү жакташкан. Жалпысынан алганда КМПИ менен СССР ИАнын Кырг филиалында 1950-жылга чейин тарых илиминин 1 доктору, 13 кандидаты даярдалган. Ю.Г. Федоров 1941-жылы «Түштүк Кыргызстандагы жер-суу реформасы» деген темада; А. Хасанов 1942-жылы «Россиянын Кыргызстандын территориясын басып алышы»; Б. Жамгерчинов 1943-жылы «Нарын козголону», Я.А. Чубуков 1943-ж. «Кыргызстандагы революциялык күрөш», А.Г. Зима 1945-ж. «Падышачылыктын Кыргызстандагы колониялык саясаты», С. Ильясов 1945-ж. «Кыргызстан коллективдештирүү жылдарында», В.Е. Кутарева 1946-ж. «Кыргызстандагы

граждандык согуштун негизги этаптары», Б. Элебаев 1947-ж. «Беловодскидеги козголоң», Д.М. Меджитов 1947-ж. «1916-жылдагы кыргыздардын көтөрүлүшү», Б.М. Зима 1948-ж. «Кыргызстандагы аскадагы сүрөттөр», В.М. Петровец 1948-ж.«Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы илимий изилдөөлөр (1941-1945-жж.)», В.В.Липович 1949-ж. «Кыргыз Совет социалисттик республикасынын түзүлүшү», А.Кибиров 1950-ж. «XIII-XIV кк. Уйгурстандагы социалдык-экономикалык түзүлүш» деген темада диссертациялык иштерин жакташып, кыргыз тарыхнаамасын бир кыйла байытышкан.

Диссертациялык иштин темаларында белгиленгендей алгачкы тарыхчы-изилдөөчүлөр Кыргызстандын тарыхынын коло доорунан баштап Улуу Ата Мекендик согушка чейинки мезгилиндеги эң актуалдуу проблемаларына кайрылышкан. Тарых илиминин өзгөчөлүгү адамзаттын тарыхындагы басып өткөн жолу, көп тармактуу жашоо-турмушунун калыптануусунан баштап өнүгүшүнө чейинки же элдердин, мамлекеттердин, аймактардын тарыхында кездешкен кыйроо мезгилдерин ошол доордун, мезгилдин тарыхый булактарынын негизинде тарыхый изилдөөлөрдүн методологиялык принциптерин сактоо менен изилденишинде. Окумуштуулардын изилдөө иштери тарых илиминдеги илимий принциптерди сактоо менен ишке ашырылган.

Кыргыз тарых илиминин калыптанышы советтик тарых илими менен тыгыз байланышта болгон. Кыргыз тарых илиминин калыптануу этабынын башында В.В. Бартольд, А.Н. Берништам, М.П. Вяткин, С.М.Абрамзон сыяктуу белгилүү советтик окумуштуулар турган.

Кыргызстандын тарых илиминин негизделишине салым кошкондордун көч башында дүйнөгө атагы чыккан көрүнүктүү чыгыш тарыхчысы *Василий Владимирович Бартольд* турат. Окумуштуунун изилдөөлөрүндө кыргыз, Кыргызстандын аймагы жана анда жашаган элдердин тарыхы бараандуу орунду ээлейт. Кыргыз тарых илиминин калыптанышында белгилүү чыгыштаануучунун «Кыргыздар. Тарыхый очерк», Орто Азия XII кылымга чейин , «Жети-Суу тарыхынын очерки», «Баласагун», «Бешбалык», «Иле», «Ысык-Көл», «Фергана», «Чүй», «Орто Азия илимий максат менен барганым жөнүндө отчет» ж.б. эмгектери өлкөбүздүн байыркы жана орто кылымдардагы, совет дооруна чейинки тарыхы боюнча өтө баалуу. Бүгүнкү эгемендүү Кыргызстандын тарых илиминде бул эмгектер өзүнүн актуалдуулугун жоготкон жок.

Академик өмүрүнүн акыркы жылдарында көп жылдар бою чогулткан тарыхый булактардын негизинде «Кыргыздар. Тарыхый очерк» (1927-ж.) эмгегин жазган. Аталган тарыхый эмгектин жарыкка чыгышынын зарылдыгы менен тарыхый мааниси китептин биринчи басылышындагы «Алгы сөздө»: «Кыргыз элинин тарыхы боюнча очерк басып чыгаруу Кыргыз Автономия областынын Эл агартуу бөлүмүнө караган Илим комиссиясы тарабынан капкачан эле ойлонулган болучу. Мындай басылманы чыгаруунун зарылдыгы кыргыз элинин өз тагдырын өзү чечүүгө жетишкенден кийин өзүн өзү таанууга, билимге, атап айтканда, өз тарыхын билүүгө кызыгуусунун өсүшүнөн келип чыкты»[6], - деп таамай аныкталган. Кыргыз тарых илиминин калыптанып, өнүгүшүндөгү илимий изилдөөлөрдө бул эмгектин орду эбегейсиз чоң.

Совет мезгилинин алгачкы жылдарында археологдор: А.И. Тереножкин, П.П. Иванов, М.В. Воеводский, М.П. Грязнов ж.б. Кыргызстандын түндүгүндөгү эртеги көчмөндөрдүн эстеликтерин изилдешип, байыркы доордун тарыхый-маданий алкагынын мезгилдерин тактоого аракет кылышкан (1920-1940-жж.). Бирок, бул маселе өткөн кылымдын 30-жылдарынан 50-жылдарына чейинки археологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасында чечилген жана ал А.Н.Бернштамдын жетекчилигиндеги археологиялык изилдөөлөр менен байланышта болгон[7].

Белгилүү чыгыш таануучу, түркolog, археолог, тарыхчы *Александр Натанович Бернштам* кыргыз тарых илиминде археологиялык жактан изилдөөнүн калыптанышына негиз салган. Окумуштуунун археологиялык изилдөөлөрү 1933-жылы Кыргызстандын Чүй, Талас өрөөндөрүндө байыркы жана орто кылымдардын тарыхы боюнча жүргүзүлгөн. Изилдөөрөнүн натыйжасында табылган материалдардын негизинде «История кыргызов и

Кыргызстана с древнейших времен и до монгольского завоевания» (КР УИАнын КЖ... Инв. №129) деген темада 1942-жылы 24-августа Ташкенде докторлук диссертациясын жактаган. Окумуштуу Кыргызстандын IX-XIII кылымдардагы экономикалык маслелелери, Түндүк Кыргызстандын аймагындагы шаарлар, тургун жайлары боюнча археологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүп жаңы маалыматтарды илимий айлампага киргизген. 1956-жылы жарыкка чыккан «Кыргызстандын тарыхына» жетекчилик кылып, андагы Кыргызстандын байыркы жана орто кылымдардын тарыхы боюнча үч главасынын автору болгон. А.Н.Бернштамдын илимий изилдөөлөрүнүн материалдары кийин чыккан «Кыргыз ССР тарыхы» коллективдүү фундаменттүү эмгектерде кеңири пайдаланылган. Кыргыз археологиясынын калыптануусунда окумуштуунун шакирттери Б.М. Зиманын, Ы. Кожомбердиевдин салымы чоң.

Кыргыз ССР Илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, тарых илимдеринин доктору, профессор, СССР Мамлекеттик сыйлыгын лауреаты *Михаил Профирьевич Вяткин* 1921-жылы Томск университетинин тарых-филология факультетин аяктагандан кийин Ленинград шаарындагы мектептерде мугалим болуп иштеген. 1934-жылдан баштап окумуштуу СССР ИАнын Тарыхый-археология институтунун Ленинграддагы бөлүмүндө өмүрүнүн аягына чейин эмгектенген. Учурунда С.Ф. Платонов, А.А. Шахматов, А.С. Лаппо-Данилевский, А.Е. Пресняковдордон билим алган белгилүү советтик окумуштуу Россия, Орто Азия элдеринин социалдык-экономикалык тарыхы боюнча изилдөөлөрдү жүргүзгөн.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Москва, Ленинграддык тарыхчылар менен бирге Алма-Ата шаарына эвакуацияланган. М.П. Вяткин казахстандык жана россиялык окумуштуу-тарыхчылар менен бирдикте Казак ССРинин эң байыркы мезгилден берки тарыхы («История Казахской ССР с древнейших времен до наших дней», под ред. М.Абдыкалыкова и А.М.Панкратовой, 1-е изд. Алма-Ата, 1943.) боюнча коллективдүү эмгекти даярдоого катышкан. Аталган эмгек 1950-1951-жж. сынга алынып, анын даярдалышына катышкан бир катар окумуштуулар буржуазиячыл, улутчул, реакциячыл катары жазаланышкан. Ал эми Казахстандын тарыхын изилдөөгө тыюу салынган окумуштуу советтик, кыргыз тарыхчылар менен биргеликте Кыргызстандын тарыхын изилдөө иштерине активдүү катышкан. Окумуштуу 1956-жылы чыккан «Кыргызстандын тарыхы» коллективдүү эмгектин авторлорунун бири жана редактору болгон. 1962-жылы «Монополистический капитал в Средней Азии» деген темадагы монографиясы Фрунзе шаарынан басылып чыккан. Аталган эмгекте окумуштуу СССРдин Борбордук мамлекеттик тарыхый архивиндеги фонддордогу материалдар боюнча XX кылымдын башындагы Туркстандын финансылык капиталын изилдешкен[8].

Өмүрүнүн акыркы жылдарында окумуштуу Орто Азия элдеринин революцияга чейинки социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө байланышкан чоң тарыхнаамалык эмгектин үстүндө эмгектенген. Тилекке каршы М.П. Вяткин бул эмгекти аягына чыгарууга жетишкен эмес. Окумуштуунун акыркы эмгегинин кол жазмасын Кыргыз ССРнин Илимдер академиясынын Тарых институтунун академиги Б. Жамгерчинов жетектеген белгилүү тарыхчылар А.А. Сапелкин, Т.М. Китановдар иштеп чыгышып, 1974-жылы Кыргыз ССРнин ИАнын Президиумунун атайын чечими менен басып чыгарышкан[4]. Монографиянын аталышындагы хронологиялык чек көрсөткөндөй окумуштуу Орто Азиянын Россия империясынын курамына киргенден баштап 1965-жылга чейинки аралыгындагы, дээрлик бүтүндөй бир кылымды камтыган мезгилдеги илимий эмгектерге тарыхнаамалык анализ жүргүзгөн.

Кыргызстанда тарыхчы-этнографтардын даярдалышына чоң салым кошкон *С.М. Абрамзон* 1920-жылдын экинчи жарымынан баштап кыргыз элинин этностук тарыхын изилдей баштаган. Окумуштуунун узак жылдар бою жыйнаган этнографиялык материалдары негизинде жазылып, 1971-жылы Ленинград шаарынан басылып чыккан эмгеги бүгүнкү күндө дагы илимий баалуулугун жоготкон жок. С.М. Абрамзондун окумуштуу-шакирттери К. Антипина, А. Бурковский, М. Айтбаев, Т. Баялиева, А.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Алымбаева, К. Мамбеталиева ж.б. кыргыз этнографиясынын түптөлүшүнө негиз салышкан.

XX кылымдын 40-жылдарынан баштап кыргыз тарых илимине Кыргызстандын тарыхынын актуалдуу проблемалары боюнча конкреттүү тарыхый изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн Бегималы Жамгерчинов, Анварбек Хасанов, Сатар Ильясов баштаган жергиликтүү тарыхчы-окумуштуулардын жаңы тобу кошулган.

Кыргызстанда тарых илиминин негизделишинде тарых илимдерин доктору, биринчи тарыхчы академик Бегималы Жамгерчинов чоң эмгек сиңирген. Окумуштуу тарыхчынын Кыргызстандын XVIII-XIX кылымдардагы тарыхы боюнча илимий изилдөөлөрүнүн баалуулугу бүгүнкү эгемендүү Кыргызстандын мезгилиндеги тарыхый илилдөөлөрдө кеңири колдонулушунан баалоого болот. Жогоруда белгиленгендей окумуштуунун кандидаттык диссертациясында Нарын көтөрүлүшү изилдөөгө алынса, докторлук диссертациясында Кыргызстандын Россия империяга кошулу проблемасы изилденген. Кыргызстандын тарыхы боюнча 8 монография жана 140тан ашык илимий эмгектер менен окуу китептеринин автору.

1941-жылы 31-мартта Кыргыз окумуштууларынын Кыргызстандын тарыхы боюнча илимий конференциясы болуп өткөн. Конференцияга белгилүү кыргыз тарых илиминин калыптанышына негиз салышкан болочоктогу окумуштуу-тарыхчылар катышышкан. Алардын катарында белгилүү тарыхчы Анварбек Хасанов «Завоевание Киргизии русским царизмом» деген темада доклад жасаган. Окумуштуу докладында падышачылык Россия каратып алганга чейинки Кыргызстандагы феодалдык-урулук күрөшкө, Кокон колониясына, Падышачылык Россиянын Орто Азия жана Кыргызстанды каратып алуусунун себептери, түндүк, түштүк Кыргызстанды падышачылыктын басып алышы суроолоруна токтолгон[10].

А. Хасанов Кыргызстандагы тарых илимине өзүнүн жеке илимий изилдөөлөрү менен эле салым кошпостан, илимдин 22 кандидатын жана бир катар докторлорду даярдаган. Алардын катарында тарых илимдеринин доктору, профессорлор Т.Н. Өмүрбеков, Т. Мурзабеков, Ж. Жакыпбеков ж.б. бар.

Академик Сатар Ильясовдун изилдөөлөрү Кыргызстандын көчмөн жана отурукташкан элдеринин менчик формаларын изилдөөгө арналган жана көчмөн элдердин ортосундагы патриархалдык-феодалдык мамилелердин талаштуу маселелерин чечүүгө зор салым кошкон. Эмгектери негизинен падышачылык Россиянын, совет мезгилинин башындагы жер-суу агрардык маселеге, айрым эмгектери кыргыздарын уруулук мамилелери жана диний көз караштарына арналган. С. И. Ильясов алгачкы профессионал тарыхчылардан бири болуп, өлкөдөгү тарыхчы адистердин даярдалышына чоң салым кошкон окумуштуу.

Тарых илиминин чоң жетишкендиктеринин бири 1956-жылы С.М. Абрамзон, А.Н. Бернштам, А.П. Окладников, Б.Д. Джамгерчинов, А.Х. Хасанов, С.И. Ильясов, К.У. Усенбаев ж.б. окумуштуулардын Кыргызстандын тарыхы боюнча 2 томдук коллективдик эмгектин («История Киргизии») жарыкка чыгышы болгон.

**Жыйынтык**. Бүгүнкү кыргыз тарых илиминде Кыргызстандын тарыхынын урунуттуу мезгилдери боюнча архивдик материалдар менен көптөгөн илимий адабияттарга терең анализ берүү менен изилденген А.Н. Бернштамдын («Памятники старины Талаской долины. Историко-археологический очерк» Алма-Ата. 1941г.; «Археологический очерк Северной Киргизии». Фрунзе, 1941г.; «Социально-экономический строй орхоно-енисейских тюрок VI-VIII вв. Восточнотюркский каганат и кыргызы». М.-Л., 1946г.; «Араванские наскальные изображения и даваньская (ферганская) столица Эр-ши» // Советская этнография. 1948. - № 4. С. 155-161.); С.М. Абрамзондун («Очерк культуры киргизского народа», М., 1946г.) Б. Жамгерчиновдун («Киргизы в эпоху Ормон хана», Ф., 1945г.; «Присоединение Киргизии к России», М., 1959 г.; «Очерки политической истории Киргизии XIX в.», Ф., 1966г.), А.Хасановдун («Взаимоотношения киргизов с Кокандским ханством и Россией в 50-70-е гг. XIX в.», Ф., 1961г.),

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

С.И.Ильясовдун («Земельные отношения в Киргизии в конце XIX – начале XX вв», ч. 1963г.) аттуу фундаменттүү эмгектери кыргыз тарыхнаамасынын руханий кенчи.

Кыргыз тарых илиминин калыптанышы совет доорунун алгачкы жылдарынан башталып, 40-жылдардын башындагы жергиликтүү тарыхчы-окумуштуулардын даярдала баштышы менен аяктаган деп тыянак чыгарсак туура болот. Ал эми тарых илиминин калыптанышына салым кошушкан окумуштуу-илимпоз, агартуучулардын ишмердүүлүктөрү жана алардын илимий мурасттары бүгүнкү күндө дагы өзүнүн илимий баалуулуктарын жоготкон жок.

**Адабияттардын тизмеси**


1. ЦГА КР. Ф., 869. Оп. 10. Ед.хр. 8. Л. 10-11.
2. Табышалиев, С.Т. Кузница подготовки кадров [Текст] /С.Т.Табышалиев. – Фрунзе: 1975. - С.187.
3. Докладные записки, списки, сведения сектора просвещения отдела кадров, по кадрам. Отдел кадров сектор просвещения и здравоохранения. 25 июня – 5 июля 1941 г. [Текст]. Архив ОПД КР. Ф. 56. Оп. 12. Д. 140. Л.68- 97.
4. Справки, докладные списки о подготовке научных кадров через аспирантуру КГПИ, Кыргмединститута, Кирфан. Отдел кадров. Сектор просвещения и здравоохранения 4-20 сентября 1947 г. [Текст] / Архив ОПД КР. Ф. 56. Оп. 12. Д. 369. Л. 46.
5. Шитова Ю. История одного человека [Текст]/Ю.Шитова, Б.Джамгерчинов // [Электронный ресурс]. – Комсомольская правда 10 декабря 2014. – Режим доступа: https://www.kp.kg/daily/26318/3196934/ - Загл. с экрана.
6. Бартольд В.В. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалган эмгектер [Текст] / В.В.Бартольд. – Б.: «Айбек» фирмасы, 1997. – 456 б.
7. Кыргызстандын тарыхы [Текст]: Байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин. 3 томдук. 1 т. – Б.: «Кут-Бер», 2016. – 648 б. – 6-б.
8. Вяткин М.П. Станицы жизни и работы [Текст]: к 110-летию со дня рождения / М.П.Вяткин.. – СПб.: Изд-во «Нестор-История», 2006. – 148 с.
9. Вяткин М.П. Социально-экономическое развитие Средней Азии [Текст]: историографический очерк 1865-1965 гг. / М.П.Вяткин. – Фрунзе: 1974. - 264 с.
10. Стенограмма научной конференции историков Киргизии 31 марта 1941г. [Текст] / Рукописный фонд ИЯЛ им. Ч.Айтматова НАН КР. Фонд № 15.0. – 33-б.